**Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча “Сапаттуу билим” агенттигинин 2023-жылдын 17 – апрелиндеги кеңейтилген отурумунун №2 протоколу**

**Отурумдун катышуучулары:**

1. Тажибаев Кушбакали Тажибаевич – төраганын орун басары, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, КР УИАнын лаборатория башчысы;
2. Бостонова П.З. - Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча “Сапаттуу билим” агенттигинин директору;
3. Маматалиев Марлен Абдрахманович – КР Жогорку Кеңешинин депутаты;
4. Белекбаев У.Т. – Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият Башкармалыгынын начальниги;
5. Абдыкадыров А.З. – “Seido Systems” ЖЧКнын директору;
6. Бейшеев Б.М. – “Түндүк электр” ААКнын Окуу борборунун башчысы;
7. Мамытов Т. Т. – “Кыргыздолбоор” Ачык Акционердик Коомунун директору;
8. Уркунчиев Т.К. – Мамлекеттик башкаруу Академиясынын бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын төрагасы, аспирант;
9. Турдумамбетова Э.Д. – Каржы министрлигинин Окуу борборунун директору;
10. Ниязалиев У.С. – “Дан Агро Продукты” ЖЧКнын директору;
11. Искандер Таалайбек – Ж.Баласагын атындагы КУУнун студенти;
12. Асанбекова Ч.М. - И.Раззаков атындагы КМТУнун башкы адиси, Аккредитациялык Кеңештин катчысы.

**Күн тартиби:**

1. Аккредитациялык кеңештин курамына жаңы талапкерлерди киргизүү жөнүндө.
2. Аккредитациялык кеңештин төрагасын жана төраганын орун басарын шайлоо.

**Угулду:**

Бостонова П.З. - Урматтуу Аккредитациялык кенештин мүчөлөрү!

КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Аккредитациялык агенттиктердин ишмердүүлүгүн баалоо боюнча мониторинг жүргүзүлдү. Аккредитациялык кеңештин курамы тууралуу бир нече сындар жана сунуштар айтылды. Биринчиден, Миталип Мамытович башка агенттикте төраганын

милдетин аткаргандыгына байланыштуу, биздин АКнын курамынан чыгышы керек экен. М.М.Мамытов биз менен 5 жылдан бери жемиштүү иштеп келди деп айта алам жана ыраазычылыгымды билдирем. Аккредитациялык кеңеште "Сапаттуу билимдин" директору катары П.З.Бостонова дагы мүчө боло албайт экен. Ошондуктан жаңы мүчөлөрдү бүгүн бекитип алсак. Аккредитациялык кеңештин курамына кирүү боюнча жаңы талапкерлерден арыз түшкөн.

Төмөнкү талапкерлер сунушталууда:

1. Маматалиев Марлен Абдрахманович – КР Жогорку Кеңешинин депутаты
2. Турдумамбетова Э.Д. – Каржы министрлигинин Окуу борборунун директору
3. Ниязалиев У.С. – "Дан Агро Продукты" ЖЧКнын директору
4. Уркунчиев Т.К. – Мамлекеттик башкаруу Академиясынын бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын төрагасы, аспирант;

(Талапкерлердин арыздары тиркелген).

Добуш берип койсоңуздар. Ооба – 10, каршы –жок.

**Чечим:**

Аккредитациялык кеңештин курамына төмөнкү жаңы талапкерлер бекитилсин:

**Аккредитациялык кеңештин мүчөлөрү:**

1. Маматалиев Марлен Абдрахманович – КР Жогорку Кеңешинин депутаты
2. Турдумамбетова Э.Д. – Каржы министрлигинин Окуу борборунун директору
3. Ниязалиев У.С. – "Дан Агро Продукты" ЖЧКнын директору
4. Уркунчиев Т.К. – Мамлекеттик башкаруу Академиясынын бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын төрагасы, аспирант

2. Экинчи маселе боюнча профессор П.З.Бостонова Аккредитациялык кеңештин төрагасын жана төраганын орун басарын шайлоо боюнча токтолуп кетти.

**Т.К.Уркунчиев:** Төрагалыкка Тажибаев Кушбакали Тажибаевичти сунуштайт элем, себеби төраганын орун басары болуп иштеген жана тажрыйбасы бар деп ойлойм. Ал эми төраганын орун басарына Турдумамбетова Эркени сунуштайт элем, себеби билим берүү тармагында көп жылдардан бери эмгектенип келет.

**Б.М.Бейшеев:** Мен дагы кошулам бул сунушка.

**У.С.Ниязалиев:** Төраганын орун басарына М.А.Маматалиевди сунуштайм.

**Э.Д.Турдумамбетова :** Мен дагы колдойм бул сунушту, төрагалыкка К.Т.Тажибаевди, төраганын орун басарына М.А.Маматалиевди сунуштайм

**У.Т.Белекбаев :** Төрагалыкка К.Т.Тажибаевди сунуштайт элем, ал эми төраганын орун басарына М.А.Маматалиевди сунуштайт элем.

**Искандер Таалайбек:** Төрагалыкка К.Т.Тажибаевди, ал эми төраганын орун басарына М.А.Маматалиевди сунуштайм.

П.З. **Бостонова :** Төрагалыкка К.Т.Тажибаевдин кандидатурасына добуш берип койсоңуздар.

Ооба – 10, жок - 0

П.З. **Бостонова :** Төраганын орун басарына М.А.Маматалиевдин кандидатурасына добуш берип койсоңуздар.

Ооба – 10, жок - 0

П.З. **Бостонова :** Урматтуу, кесиптештер! Добуштун негизинде Аккредитациялык кеңештин төрагасы болуп К.Т.Тажибаев, ал эми төраганын орун басары М.А.Маматалиев шайланышты. Куттуктайм сиздерди!

**К.Т.Тажибаев:** Кадырлуу кесиптештер, сиздерге ишеним көрсөткөнүңүздөр үчүн чоң рахмат! Биздин билим берүү сапатын жогорулатуу боюнча иш-аракетибиз, миссиябыз өтө маанилүү жана жооптуу, ошондуктан бул жаатта жалпы биримдикте, активдүү иштешибиз керек. Билим сапатын жогорулатууга шарт түзгөн окуу жайларды колдоп, ал эми сапаты боюнча ойлонбой эле, акча табууга кызыккан окуу жайларга катуу талаптарды коюшубуз керек. Кыскасы көйгөйлөр өтө көп, чечүүгө аракет жасайлы. Сиздерге ийгиликтерди каалайм. Рахмат!

**У.С.Ниязалиев:** Ийгилик каалайм!

П.З. **Бостонова :** Урматтуу кесиптештер, бүгүн Аккредитациялык кеңешке кошулган жаңы мүчөлөрүн куттуктайм! Биздин командага кошулганыңыздарга биз абдан кубанычтабыз! Жакынкы арада оф-лайн форматта дагы бир отурум өткөрүүнү пландаштырып жатабыз, дагы жакындан таанышабыз жана биргеликте ийгиликтүү иштешебиз деп ойлойм.

**Чечим:**

КР Билим берүү жана илим министрлигинин Аккредитациялык агенттиктерге мониторинг жүргүзүү боюнча комиссиясынын сунуштарына ылайык жана өздүк

арыздарынын негизинде Аккредитациялык кеңештин төрагасы, төраганын орун басары бекитилсин:

**Төрага:**

1. Тажибаев Кушбакали Тажибаевич – Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, КР УИАнын лаборатория башчысы, т.и.д., профессор.

**Төраганын орун басары:**

2. Маматалиев Марлен Абдрахманович – КР Жогорку Кеңешинин депутаты

**Төрага** **К.Т.Тажибаев**

**Катчы** **Ч.М.Асанбекова**